Жумабаева Г.А. КББА.
Ага илимий кызматкер

**Сектага кирген окуучулар менен иштөөгө карата методикалык сунуштар**

Түйүндүү түшүнүктөр: псевдомаданият, моралдык шок, эмоция, депрессия, стресс, өзүн кем тутуу комплекси, этикалык билим, тоталитардык секта.

Эмне үчүн өспүрүмдөр сектага кирип кетишет, ошого көңүл бөлөлү. Мындан жүз жыл мурда философ Генри Торо: «Көпчүлүк адамдар айласы түгөнгөн, үмүтсүз абалда жашашат» деп жазган. Замандашыбыз философ Р.Стоун «Бардык адамдар айласы түгөнгөн, үмүтсүз абалда жашашат» дейт. Бул сөздүн өспүрүмдөргө да тиешеси бар. Эмне үчүн көпчүлүк өспүрүмдөр айласы түгөнгөн үмүтсүз абалда жашашат? Анын себеби көп:

- балдар менен ата-энелердин пикир келишпөөчүлүгү көбөйүүдө;
-адамдын жашоо шартынын жана эмгегинин технологиясы тез өзгөрүп, жатат, алар адамды стресске алып келүүдө, өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү ага адекваттуу мүмкүнчүлүгүнүн, жөндөмүнүн жетишерлик эмес сезишет;
-окуучулардын адептик сапаттарын жогорулатуу жөнүндөгү маселе актуалдуу болгонуна карабастан, алардын аң-сезиминдеги этикалык билими, тажрыйбасы али төмөн абалда калууда;
-жалпы массанын маданий деңгээлин жогорулатуу боюнча объективдүү талаптар жогорулап жатат, бирок коомдо псевдомаданияттык, атүгүл антимаданияттык тенденциялар миллиондогон жаштардын арасында өнүгүп кетти;
-окуучулардын жеке жөндөмү, реалдуу таанып-билүү мүмкүнчүлүгү чектелүү, бирок илимдин логикасы жана анын жыл сайын өсүп (татаалданып) жатышы, программанын ага жараша кеңейиши жана тереңдеши, материалдын көлөмүнүн жыл сайын өсүп жатышы балдарды толкундандырууда;
-окуучулардын жеке кызыкчылыгы (аз иштеп, ийгиликке жеткиси келгени) бар, бирок жалпы билим берүүдөгү стандартты аткаруу боюнча талап жогорулап жатат;
-инсанды ар тараптан өнүктүрүү боюнча мугалимдин айрым талаптары дагы эле бар, бирок профилдүү окутуу, адистештирүү тенденциясы пайда болду;
-окутууда репродуктивдүү иш-аракеттерге басым көп жасалат, бирок окуучулардын чыгармачыл жөндөмүнүн өркүндөтүү боюнча коомдун талабы өсүүдө;
-өспүрүмдөр бир нече социалдык катмарга бөлүнгөн, бирок балдар менен ынтымакта жошоо керек;
-мектептерде окуучулардын интеллектуалдык потенциалын өсүшүнө көбүрөөк көңүл бөлүшүп, бирок инсандык сапаттарын өнүгүшүнө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй калып жатат;
-айрым гана жакшы окуган балдардын ийгиликтен башы айланбаса, көпчүлүк балдарын окуудан ырахат табуусу жок болгондуктан негативдүү ойлор көп жаралууда.

(Б.А.Вульсон. Стратегия образования на западе на пороге XXI века. М.2001.) Окуу программаларынын ашыкча жүктөмү балдарды чарчоого алып келип жатат. Бул жөнүндө А.Байем, Х.Инвас, М.Флери, О.Дорбилат, А.П.Доброславин ж.б. изилдешкен. Алардын ырастоолоруна караганда 30-35минут акыл эмгегинен кийин балдар чарчап калаары аныкталган.

КМШ курамына кирген өлкөлөр социалдык-экономикалык, экологиялык, демографиялык, саясый, адептик-рухий жана идеологиялык кризисти башынан өткөрүүдө. Улут аралык, регион (түндүк, түндүк) аралык пикир келишпестик пайда болууда. Элдин экономикалык, социалдык, маданий, диний талаптары канаатанбагандыктан, миграция, эмиграция өсүүдө. Шайлоо мезгилинде эл саясаттан көңүлү калган сыяктуу мамиле кылууда. Азыр бир да партия элдин толук ишенимине толук ээ боло албай жатат. Мораль да, маданият да, илимий-техникасы өнүккөн цивилизация да элдин адептик-рухий толук кандуу өнүгүүсүн камсыз кыла албай жатат. Коомдо негативдүү көрүнүштөр көбөйүүдө: пиянкечтик менен баңгилердин саны өсүшүнүн натыйжасында кылмыштуулук өсүүдө. Адамдын өмүрүнүн баалуулугу төмөндөөдө, үй-бүлө күткөндөрдүн саны

азайууда, бойдок жашагандардын саны көбөйүүдө. 70-жылдарда Россияда никеге турган түгөйлөрдүн 30% бир жыл ичинде ажырашкан. 80-жылдарда ал 40%ке жеткен, 90-жылдардын аягында 64%ке жеткен. 1987-жылкы никеге туруу коэффициенти 9,9кө туура келет. 1992-93-жылкы коэффициенти – 7,1-7,5, 1996-жылы – 5,9га түшкөн. Коомдун экономикалык, рухий өнүгүшүндө үй-бүлөнүн ролу өтө маанилүү болуп келген. 70-жылдары мораль – адамдын рухий жашоосунун фундаменталдуу негизи катары трактовкаланган. Мындай моралдык-этикалык теориядан кийин элдин адептик-рухий абалы жакшырган эмес. Өткөн кылымдын башында моралдык шоктун (психикалык күчтүү таасирден организмдин бузулушунун) натыйжасында эл динден атеизмди көздөй багыт алса, аягында коммунизмдин идеясынан динди көздөй багыт алышкан. Коллективдик моралдан индивидуалисттик моралга өтүүнү, сексуадык революцияны массалык маалымат каражаттары көп берүүдө, ар кандай псевдомаданий окуулар башты айландырууда, үн алгыда, сыналгыда, компьютердик клубдарда агрессивдүү оюндар көбөйүүдө, инфляция, жумушсуздук, сойкулук, кылмыштуулук өсүп, коомдун адебин чагылдырган «пределсиздик» деген термин (түшүнүк) пайда болду. Пределсиздик коомдун саясый, экономикалык ж.б. бардык тармагына кирди. Акча негизги баалуулук болуп эсептелди. Көгүлтүр экранда бүлдүрүү-жардырууга, зордук –зомбулукка багытталган программалар көбөйдү. Эртеңкини ойлосо үрөйүң учат, мектеп окуучуларынын кылмыштуулугу өсүүдө, бул тизмени уланта берүүгө болот Ушундай шартта чоңоюп жаткан баланын абалын, азабын элестетиш кыйын. Кыйынчылыктан «качып» башын кумга каткан страус сыяктуу айрым адамдар, өспүрүмдөр сектагаларга, экстремисттик коомдорго кирип кетип жатышат.

Үй-бүлөлөрдүн кирешеси төмөн, базарда көп нерсе бар, балдардын каалоосу бар, алайын десе, мүмкүнчүлүгү чектелүү. Мындай шарт балдарга пессимисттик ойлорду салып турат. Адамдын (үй-бүлөнүн) чыгашасы кирешесинен чоң болбош керек. Цивилизация өнүккөн сайын базарда улам жаңы товар коюлуп турат. Балдар чыгашаны киреше менен ылайыктап оокат кылууга үйрөтүлбөсө, алардын жашоосу проблемалуу болот. Анткени товарлардын ассортименти көбөйгөн сайын балдардын каалоосу арта берет. Каалоосун ооздуктай албай калган балдардын ички дүйнөсүндө бороон башталат. Ошол (ички дүйнөдөгү) бороон – (келечекте) депрессиянын себеби болушу мүмкүн. Өспүрүмдөрдүн арасында каалоосу укмуш, адамдын аң-сезиминен көз каранды балдар секталарга, криминалдык уюмдарга, оккултизмди пропагандалаган коомдорго, контактерлордун («башка планетанын жашоочулары» (жиндер менен байланыш түзүүчү) ийримине кирип кетип жатышат. Ал ийримдин катышуучулары башында өздөрүн башкалардан акылдуу, кыраакы сезишет. «Мен билем, түшүнөм, сен түшүнбөйсүң»-дешет. Секталар балдарды материалдык жактан кызыктырып коюшат. Сектага башкаларга өзүнүн артыкчылыгын көргөзгүсү келген өспүрүмдөр киришет, бирок, келечекте турмуш аларды басынтып коёт. Сектага жаңыдан келген балдарда жаман эмоциялар болбойт. Ал жерде балдарга бактылуу жашоону, жакшы эмоцияны, материалдык жактан жардам берүүнү убада кылышат. Бул балдарга баңгизат сыяктуу таасир этет. Ошондуктан балдар өздөрү курчаган «азаптуу» дүйнөдөн, үй-бүлөдөн, туугандардан кол үзүшүп, сектага, тандаган коомго эле баргысы келип калат. Ал балдар коркунучтан качып, башын кумга каткан страус сыяктуу.

Кыргыз балдар кантип сектанттардын «кайрымагына илинип калып» жаткандыгын билүү максатында биз иликтөө-изилдөө ишин жүргүзүп көрдүк. Мектептен балдар тарап келе жаткан мезгилде татынакай кийинип (жасанып), гримделип алышкан сектанттар балдарга «кокусунан жолугуп» калышат экен. Аларды сектага тартуу максатында аракеттенишкен адамдар балдарды кызыктырып офиске (клубга, театрга) чакырышат. Биз дагы залга кирдик. Залда адамга күчтүү таасир этүүчү музыка угузушат. Андай музыкадан кийин өспүрүмдөрдүн аң-сезими гипнабелдүү абалга жететкенден кийин, мээсине ар кандай маалыматты жеңил кабыл алуучулардан болуп калышат. Ошондо сектанттар өзүнүн «идеясын» айтышат экен. Ата-энелери ошол мезгилде бизнесте, базарда,

тиричилигин кылып жүрүп, баласы кандай сектага, коомго киргенин билбей калышат. Азыр Кыргызстанда баласы сектага кирген, ата-энеси өздөрүн мусулманмын деп эсептеген «светский» көз караштагы да, мечит менен тыгыз байланыштагы да үй-бүлөлөр бар. Алар эки тилде сүйлөгөн адам сыяктуу бири-бирин түшүнбөй калып жатышат. Ата-эне менен балдары бири-бирин түшүнбөй калуусу – азап. Мындай үй-бүлөлөрдөн түзүлгөн мамлекеттин келечеги кең болбойт. Анткени ата-энеси менен баланын рухий жакындыгы баланын гармониялуу өсүшүнө өбөлгө болот, мамиленин жаттыгы үй-бүлөнүн бузулушуна өбөлгө болот. Муундар арасындагы байланыш үзүлөт, бири-бирине каршылашуу нормага айланат. Социалдык, маданий баалуулуктардын наркы төмөндөп, стихиялуу бириккен жаштардын чөйрөлөрү деструктивдүү мүнөзгө ээ болууда. «Абсолюттуу статуска ээ болгон ээ болгон затка (Кудайга) ишенимсиз адептик-рухий тарбиянын негизи, рухий өнүгүү жөнүндө абстрактуу сөз сүйлөөгө болбойт. Ал рухий күл (пепелица) же рухий таштанды»- дешет психология илиминин доктору, профессор, РББАнын (РАО) мүчө корр. Слободчиков, п.и.доктору, РББАнын мүчө корр.А.М.Кондаков.

Сектага жаңы кирген балдар башында укмуштуу дүйнөнү, жакшы адамдарды таап алган сыяктуу кубанышат. Анткени ал жерде чыр-чатак деле жок, эч ким эч жерин оорутпайт, балдар убактылуу болсо да, өз проблемасын унутушат. Үзгүлтүксүз кубаныч, бакыт, шаттык ушул жерде бар сыяктуу көрүшөт. Бирок, алар өзүнүн рухий структурасынын бүлүнүп жатканын түшүнө алышпайт. Жакындарына, ал курчаган дүйнөгө карата сүйүүсүн жүрөгүнөн сүрүп чыгарышат. Бул туура эмес, бирок балдар аны түшүнүшпөйт, өзүн бактылуу сезгиси келет. Бир аздан кийин бактылуу сезимдер кете баштайт, энергия азая баштаганын сезишет. Ошентип, балдардын психикасы, тагдыры бузулат. Алардын арасында жүрөгүнүнүн үшү алынган балдар, зарар тарткан балдар, сыйкырдын, экстрасенстин таасиринде болгон балдар да бар. Мындай өспүрүмдөр өмүрүнүн кийинки бөлүгүн өзүн кем тутуу комплексин жеңүү үчүн күрөшүп жашашат. Азыр андай жаштар көп. Өзүн кем тутуу комплекси деген эмне? Каалоодон, аң-сезимден жашыруун көз карандылык, бирөөдөн же бир нерседен коркуу, наараазы болуу, таарынуу, ичи тардык, бирөөнү айыптоо ж.б. жаман сезимдер. Комплекс − адамдын ички касиеттеринин, кубулуштардын жыйындысы, ой менен сезимдин айкалышы. «Комплекс канчалык терең жана көп болсо, адамдын жан дүйнөсүнүн жабыркоосу ошончолук оор болот» (С.Н.Лазарев. Диагностика кармы. 9б.15бет). Туура эмес жолго түшүп алган бала жаман сезимге келет. Жаман эмоциялар баланын ички дүйнөсүндө топтоло берет да, чыдоого мүмкүн эмес абалга жетет. Бул абалдан кийин өспүрүмдөр ооруга чалдыгышат, депрессия болот, ичкилик ичишет, баңгизат колдонушат.

Туура эмес ынанымдагы, ишенимдери, багыттагы балдар качандыр бир мезгилде рухий кризиске келишет. Кризиске келген балдардын рухий проблемалары төмөнкүлөр:

–өзүнүн ички дүйнөсүнө эч кимди жолотпой, эч ким менен сүйлөшпөй, түнт болуп калышат;

–өзүнүн абалын реалдуу баалай албагандыктан куру намыстанышат, өз жашоосуна канаатанбай, өз кемчилигин сезишсе да, башкалардан жардамга кайрылышпай, текеберденип жүрө беришет;

–болбогон нерсеге ызаланышып, мындай негативдүү абалдан кантип чыгуу керек деп ойлонушат, бирок чыгып кетүүнүн жолун билишпейт.Өспүрүмдүн аң-сезиминин мындай абалы алардын кийинки жашоосу үчүн коркунучтуу. Түнт болуп жүрө берген окуучу өзүн ичинен бүлгүнгө салат, өзүн өзү бүлдүрүү – психикалык проблема, рухий дарт. Рухий дартка чалдыккан абалдагы өспүрүмдөр өзүн өзү өлтүрүп коюшу мүмкүн. Айрым өспүрүмдөр куру кыялга батып, компьютерде бүлдүрүү-жардыруу киргизилген оюндарды көрүшүп, убактыларын бекер өткөрүшөт. Мындай учурда тажрыйбалуу адамдар менен сүйлөшүп, өзүнүн багытын, ишенимин, ынанымын өзгөртүү керек экендигин айрым гана өспүрүмдөр түшүнүшү мүмкүн. Өзүнүн адамдык сапатынын начардыгын сезген балдарда өзүн кем тутуу комплекси пайда болот, бирок өзүн ишке жарамдуу сезгиси келет,

башкалардын көзүнчө ишке жарамдуулугун «далилдегиси» келип, ыгы жок импульсивдүү болот, жарабаган сөз сүйлөйт, таарынычын, буусун чыгарат. Улууларга доомат коёт, кыйналып жашап жүргөнүн билдирет, «чоңойгондугун демонстрациялайт». Туура эмес багыттагы, ишенимдеги балдар сектантты, өзү катышкан коомдун лидерин идеал тутуп, ата-энесинин, мугалимдин сөзүнө агрессиялуу сезимдери козголуп турат. Улуулардын анча-мынча жаңылыштыгы үчүн алардын үйдөн чыгып кетишине себеп болушу мүмкүн.
Туура эмес багыттагы өспүрүмдөр ыксыз кооздонуп кийинишет, чачын өзгөчө «прическа» жасашат, керексиз металлдарды, булгарыларды тагынышат, үнүн бийик чыгрып сүйлөшөт, түнкү клубдарга барышат, коркунучтуу уюмдарга, шектүү компаниеге кошулушат, кечки шоуларга катышышат, алар ээлигип сүйлөшөт, кумардануу сезимдери козголуп турат.

Бир элдин балдардын диний секталарга, коомдорго бөлүнүшү – трагедия, ал конфессионалдык экстремизмге өбөлгө болот.

Иегованын, Мундун (сектанын лидеринин аты) мүчөлөрү менен сүйлөшкөндөн кийин адамдын аң-сезими калыбына келиш үчүн бир жарым жыл керек. Ал эми системалуу алар менен сүйлөшкөн балдардын аң-сезиминде проблема топтоло берет.

Тоталитардык секталардын жетекчилери вампир болушат (1). Вампирлер шериктеринен энергия алып турушат. Тагдырына зыяны тийип, психикасын, ден-соолугун бузуп, жөндөмүн өнүктүрбөй коёт. Вампирге шерик болгон бечаралар бир нече убакыттан кийин психикасы, тагдыры бузулат, айрымдары өлүп калат. (С.Н.Лазарев 9б. 12б)).

Адамды өлтүрүп жаткан вампирди укук коргоо органдары эмнеге жазалабайт - деген суроо коюучулар табылат. Эч ким баланы ал жакка зордук кылып жетелеп барган эмес. Ал өзү билбестигинен, бир нерсеге үмүттөнүп барган. Бирок ага төлөнүүчү баа өзүнүн жаны экендигин билген эмес. «Эгерде жанын сатууга макул болгон адам болсо, аны сатып алгысы келген киши да болот» (С.Н.Лазарев).

Бизде бекер келген акчага, буюмга кызыккан балдар көп. Бир нерсени бекер алууну бакыт деп ойлогон балдар кайырмакка оңой илинишет. Вампир жетекчилер жаңы өспүрүмдөрдү кабыл алса, коомунда жаңы энергия пайда болот. Анда коомдун мүчөлөрүнө мнимый бакыт (сыяктуу) сезими пайда болот. Ошондуктан алар улам жаңы энергия алуу үчүн жаңы муундагы балдарды тартууга аракеттенишет. Мындай шартта «Биз туура иш кылып жатабыз, ошондуктан бактылуу жашайбыз» дешет, бирок өздөрү жаш балдардын жанынан жаңы энергия алып жашап жаткандыгын билишпейт (С.Диагностика кармы. 9б. 16бет). Натыйжада сектанын мүчөлөрү эки топко бөлүнүшөт: 1) анча көп эмес бөлүгү вампирлер болушат; 2) көпчүлүгү энергодонор болушат. Секталар өспүрүмдөрдүн каалоосун аткарууга убада берип, аларды аң-сезимден (бирөөдөн) көз карандылыгын көбөйтөт. Бир гана дин (ислам) адамдын каалоосунан (напсиден) жана бардык көз карандылыкты жеңүүгө (тыюуга) жардам берет

Россиянын рухий потенциалы жогору болгонуна карабастан, жаштардын психологиясы жүздөгөн жылдардын ичинде топтогон рухий тажрыйбанын негизинде калыптанбай, акыркы ондогон жылдардын ичинде топтогон тажрыйбанын негизинде калыптанууда. Ошондуктан жаштар мурда жоготкон рухий билимди мурастабай, сектанттык, криминалдык, ар кандай багыттагы психологияны мурастагандары көп. Ал жерде беш миллион сектанттар бар. Алар аң-сезимдин деградацияланышына жүрүм-турумдун начарлашына алып келүүдө. Кыргызстандагы жаштардын абалы ошодой эле. Көз караштын стихиялуу (чаржайыт) калыптануусу айрым жаштарды «динге» (сектага, агымга) сыйынууга алып келсе, айрымдарын акчага сыйынууа алып келүүдө. Айрым жаштар Чыгыштын баалуулуктарынан үлгү алып чоңоюп жатса, айрымдары Батыштын баалуулуктарынан үлгү алууда. Секталарга, традициялуу диний коомдорго кирген жаштар пас же жогору эгрогор менен байланышып алышат. Швейцардык психолог жана философ К.Юнг киргизген «коллективдүү бейаң» деген термин «эгрогор» деген түшүнүккө жакын. Эгрогор деп − көп адамдардын окшош ой формаларынан жаралган, маалымат камтыган уюган энергияны аташат. Окшош, ниеттеш, идеялаш адамдардын

тобунун күчтүү топтолгон кубаты менен астралдык дүйнөдө жаралган астралдык жашоочу – эгрогор деп аталат (А.Свияш. Позитивная психология для повседневной жизни. М. 2004.). Эгрогорлор да өз идеяларын жактаган адамдардын көбүрөөк болушун каалашат. Анткени эгрогорлор алардын энергиясы менен жашашат. Эгрогор адам менен байланышып алгандан кийин пассивдүү жашоодо калбайт. Ал ошол коомдогу адамдарга аларды баш коштуруп турган идеяны (бактылуу, бай жашоо, эркиндик, ж.б.) оюна салып, күрөшкө чакырып, дилине улам жаңы ой салып, ошол ойдун ишке ашырууга, түрткү болот. Ошентип, адам, коом жана эгрогордун ортосунда мамиле түзүлөт (А.Некрасов).

Секталарды, псевдомаданий окууларды (оккультизм, магия, экстрасенсорика ж.б.) үйрөнгөн, гомосексуалисттердин, лесбияндардын коомдоруна катышкан жаштардын дүйнө таанымы туура эмес калыптанат. Андай жаштардын дүйнөгө мамилеси туура эмес болот. Алардын дүйнөгө сүйүүсү төмөн болот. Дүйнөгө сүйүүсү төмөн адамдардын энергиялык запасы төмөндөйт. Адамдын энергиясы азайганда денеси ооруйт, психикалык проблемага кезигет, соолуйт. Анда кары-жашына карабай өлүп калышат. Азыр өмүрү кыска жаштар көбөйдү. Балдардын дүйнө таанымы туура эмес калыптангандыгын кантип билүүгө болот? Дүйнөнү өзгөртүүгө аракеттенген (менин оюмдагыдай болсун деп тытынган) баланын (кыздын) дүйнөгө мамилеси туура эмес. Туура калыптанганы дүйнө, табийгат, эл, адам менен гармониялуу мамиле түзүп жашайт.

Сыртынан эч кимден көз каранды эмес көрүнгөн, үтүрөңдөгөн сектант жаштардын өзүн кем тутуу комплеси, проблемалардын букети бар. Жашоолору азап тартууга жык толгон. Психо-физикалык проблемалары күн сайын өсүүдө. Адамдын аны көтөрүү жөндөмү чексиз эмес, ал (жөндөм) өспөйт. Мунун натыйжасында стресс, депрессия, аутизм (инсандын экиге бөлүнүшү), суициддик актылар көбөйүүдө. Алардын көпчүлүгү өзүн кармай билбейт, психикасын башкара албайт, коркууну, санааны жеңе албайт, рухий дүйнө түзүлүшү боюнча билимдери жетишсиз

Эгерде баланын ооруган мезгилинде медициналык жардам көрсөтүп, витаминдүү тамак, профилактика, дене тарбия, ж.б. айыктырып алса, бирок баланын дүйнөгө мамилеси өзгөрбөсө, анын руху бузулат, эске тутуму начарлайт, ал стратегиялык запастарын жок кылат. Айрым «диндерде» секстин патологиялуу колдонуп жашайт. Эгерде коомдо уятсыз, орой, адепсиз, чыккынчы адамдар көп болушса, секстин патологиялуу формаларын колдонуп жашаса, мындай цивилизациянын энергиясы аз калгандыгынын көрсөткүчү болуп саналат. Ал коом стратегиялык запасынын эсебинен жашап жатышат. Мындай цивилизациялар жок болушкан. Мисалы, Содом, жана Гоморр (библияда айтылган эки шаар, Иорданияда, Өлүк деңизинин батыш жээгинде жайгашкан) Барыйкы Рим империясы, Помпея коомдорунда педофилия, гомосексуализм, өз жакындары менен да жыныстык байланышта болуу сыяктуу моралдык жактан бузулууга кенен жол берилген. Андай коомдор кыйрап жок болушкан.

Азыр атеисттик, сектанттык көз караштагы жаштарыбыздын арасында жүрөгүндө сүйүүсү бар жаштар азайып, мени сүйсө экен деген жаштар көбөйүүдө, бул өзүнүн проблемасы. Атеисттердин ишеними болбойт, сезимдери, ойлору болот. Сүйүүсү, ишеними жок сезиминин бири кем адамдын тагдыры тайкы болууда. Ишеними туура, ою позитивдүү, (жакшы) сезимге бай адамдын акыл операциялары оптималдуу, иши ийгиликтүү болот. Демек коомдо жаңы энергия болбосо, коомдо өзүн өзү бүлдүрүү ишке ашат. Биз азыр сындап жаткан Советтер Союзунда өспүрүмдөрдүн көпчүлүгүнүн адептик-рухий тарбиясы, ой жүгүртүүсү азыркы жаштарга салыштырмалуу жакшы болгон. Ошого карабастан система кулап калган. Эмне үчүн кулады? Социалисттик коомдун адамдарынын стратегиялык ой жүгүртүүсү проблемалуу болгон, мээримди (сүйүүнү) топтоого жеткиликтүү көңүл бөлүнгөн эмес, мээнин эки жарым шарын бирдей өнүктүрүүгө жеткиликтүү камкордук көрүлбөгөн. Социалисттик системада адептик баалуулуктардын көпчүлүгү христиан дининен келген. Ошондуктан система материалдык баалуулуктарды жогору койгонуна карабастан узак жашаган. Социализм христианчылыктын ошол учурга ылайыкташтырып реставрацияланган (эски түзүлүштү

оригиналына окшоштуруп калыбына келтирген) варианты болчу. Эл ал этаптан өтүп кетти. Эми христианчылык менен байланышкан этиканын варианттары өтүмдүү эмес болуп калды. Ошого карабастан диний ой жүгүртүүнү түшүнгүсү келген, рухий изденүүгө, адептик баалуулуктарга кайрылып жаткан жаштар да аз эмес (автор).

Секталар, псевдомаданий окуулар жана эгрогорлор жөнүндө билими жок мугалимдер балдарга жардам бере албай жатышат. Дүйнөлүк практикада мындай проблемалуу жагдайдан кандай жол таап жатышат, ошого көңүл бөлөлү. Россияда райондук, областтык крайдык борборлордо рухий (диний) маданий борбор уюштуруп, анын курамына билим берүү чөйрөсүнүн адистери, диний адистер, философтор, психологдор биригип жаштарга жардам берүүдө. Алар өспүрүмдөр арасында адептик-рухий тарбия боюнча жана диний билим берүү боюнча атайын курс, факултатив уюштуруп, программа түзүшүп, диний, илимий-методикалык жактан жардам берүүдө. Диний көз караштагы ар кандай иш-чараларды (конференция, семинар ж.б.) уюштурууда. Ар кандай тоталитардык, экстремисттик, секталарга, деструктивдүү күчтөргө каршы турууга, традициялуу эмес диний билим берүүгө каршы багытталган иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Жашоонун сергек мүнөзүн (спирт ичимдиги, баңгизат жок жашоону) пропогандалоого, физикалык жана рухий соолукту сактоого үндөө үчүн биригишүүдө. Мектепте диний билим билим берүү аркылуу башка өлкөлөрдө балдардын проблемалары чечилип жатат. Кыргызстанда мындай тажрыйба баштала элек. Азырынча биздеги окумуштуулар, диний адистер, педагогдор Крыловдун тамсилиндеги чаян, чортон (щука), ак куу сыяктуу жашап жатабыз. Диний, илимий адамдар биригип жаштарга жардам берсек, жакшы болот эле. Сиздер буга кандай карайсыздар?

Азырынча мындай проблемалуу балдарга жардам берүү максатында мугалимдерге төмөнкүлөрдү сунуштамакчыбыз. Өспүрүмдөрдүн ата-энесинен, жакшы көргөн адамдардан канчалык талабы, өтүнүчү көп болсо, (б.а. алууну кааласа), ошончолук алардан көз карандылыгы чоң болот. Талабын аткарбай койсо, бала таарынып, чыр чыгара берет. Бул проблеманын башталышы экендигин балдарга түшүндүрүү керек. Эгерде өспүрүмдө адамга карата мээрими (жакшы көрүүсү) канчалык күчтүү болсо, альтруизми ошончолук чоң болот. Анда өспүрүмдүн адамдан көз карандылыгы төмөндөйт. Алууну каалай берүү жаман. Алууну математикада «кемитүү», «–», «терс сан» дешет. Алууну чексиз каалоо – терс сапат, ал көз карандылыкка алып келет. Алууну каалай берген сурай берет. Кыргыздар: «Суракчыдан тынчы жаман, дагалдан (орой, одоно) сынчы жаман», «Тилемчинин куржуну толбойт, алыңча берсең аз деп кордойт», «Тилеген тизеге чыкпас», «Думананы урса мазарга барат» деп, эл сурангандарды жаман көрүшчү.

Ата-энесине, жакшы көргөн адамына жардам, бир нерсе берип жашагысы келген, жүрөгүндө сүйүүсү (мээрими) бар бала эркин болот. Берүүнү математикада «кошуу», «+», «оң сан» дешет. Адамга, үй-бүлөгө пайдалуу болууну каалоо – оң сапат. Оң сапат – жакшы, терс сапат – жаман. Көз карандылык коркууга, күмөн саноого, таарынууга алып келет. «Астыңкы (алган) колдон үстүңкү (берген) кол жакшы» (адыс). Эгерде балдарга алууну эңсей берүүнүн зыяндуулугун түшүндүрсө, алар ойлонуп жашап, сурануудан, коркуудан, күмөн саноодон, таарынуудан кутулушмак. Бейтааныш коомдордон, адамдардан жардам алууну каалоодон баш тартуу керек. Аң-сезимди өстүргүлө. Болгонго каниет кылып жашагандар жаман сезимден кутулушат. Жаман сезимдерден кутулган балдар өзүн бактылуу сезишет. Бекер эт жырткычтарды кармоочу капканда, бекер сыр чычканды кармоочу капканга коюлаарын унутпагыла. Ар кандай идеологияны, ишенимди карманган эл мамлекетүүлүгүн сактап калышы кыйын.

Адабияттар.

1)С.Н.Лазарев. Диагностика кармы. Спб. 2000.
2)Б.А.Вульсон. Стратегия образования на западе на пороге XXI века. М.2001.
3)А.Некрасов Эгрогоры. Ум, седце, эрос. Краснодар. 2002.
4)А.Свияш. Позитивная психология для повседневной жизни. М. 2004